*Асранкулова Б.А.*
*Кыргызской Академии Образования*

# М. АУЭЗОВДУН «АБАЙ»РОМАНЫН ОКУТУУ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДА РУХАНИЙ БААЛУУЛУКТАРДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУ

# ФОРМИРОВАНИЕ ДУХОВНЫХ ЦЕННОСТЕЙ У УЧАЩИХСЯ В ОБУЧЕНИИ РОМАНА «АБАЙ» М. АУЭЗОВА

***Аннотация:*** *Макалада азыркы учурдагы окутуунун талаптарына ылайык кыргыз адабиятын окутуунун маселелери, тактап айтканда, предметти окутуунун концепциясынан келип чыгуучу сабактын максаттуулугу жана башкы каармандын образын адептик категорияларлын (адептик түшүнүктөр,адептик принциптер, адептик идеалдар, адептик ички керектөө) негизинде талдоо каралган. Ал конкреттүү методикалык сунуштарды жана проблемага байланыштуу алдынкы педагог –окумуштуулардын көз караштарына таянган илимий тыянактарды камтыйт.*

***Аннотация:*** *В статье рассмотрены злободневные проблемы преподавания кыргызской литературы в свете современных требований к обучению, такие как, целеполагание урока, исходящей из концепции преподавания предмета, и анализ образа главного героя на основе нравственных категорий, (нравственных понятий, нравственных принципов, нравственных идеалов, нравственных внутренних потребностей человека т.д.)*

*Она содержит конкретные методические рекомендации по проблеме и научные выводы, опирающийся на научные взгляды ведущих исследователей-педагогов.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *адеп- ахлактыктарбия, баалуулуктаргатарбиялоо, руханийбаалуулуктар, адеп-ахлактык категориялар, идеалдар аркылуу тарбиялоо, эмоционалдык-психологиялык кырдаал, баалуулук мамилелер, моралдык канагаттануу,ж.б*

***Ключевые слова:*** *нравственное воспитание, воспитание ценностям, духовные ценности, нравственные категории, воспитание через идеалы, эмоционально-психологическая ситуция, ценностные отношения, внутреннее удовлетворение и.т.д.*

***Key notions:*** *moral upbringing, education of values, spiritualvalues, categories of moral, education through ideals, emotional psychological situations,velations of the values,internal sati sfactio.*

Кыргыз мектебинин 11-классында боордош элдердин адабияты курсунда Мухтар Ауэзовдун «Абай» романы окутулат. Классикалык туунду катары эсептелген бул көлөмдүү чыгарманы окутууга көп саат бөлүнбөгөнү менен, романды окутуудагы программалык талаптар так коюлган. Абайдын көз караштарынын калыптанышын, адилеттүүлүк үчүн күрөшүн, жан дүйнөсүнүн аруулугун, терең ойчулдугун, элдик адам экендигин ар тараптуу ачып берүү-программадагы негизги талаптар. Ушул талаптарды аткаруунун өзү окуучуларда баалуулук мамилелерди калыптандырууга, руханий тарбия берүүгө шарт түзөт.

Абайдын өмүр таржымалын, ишмердүүлүгүн, адамдык насилин, талантын таанытуунун өзү инсанды адеп-ахлактык идеалдар аркылуу тарбиялоонун үлгүсү десек болот. Ал эми аны көркөм чыгарма аркылуу ачып берүү, болгондо да көркөм сөздүн чебери Мухтар Ауэзовдун калеминен жаралган штрихтер аркылуу жеткирүү мугалимден көп түйшүктү, чыгармачылык изденүүнү талап кылат. «Азыркы учурда кыргыз адабияты сабагын мектептерде окутуу процесси демократиялаштырууга, гумандашууга багыт алган кези, аны үчүн дүйнөлүк асыл нарктарды өздөштүрүүгө, улуттук рухтун унутулган жактарына көбүрөөк сүңгүп кирүүгө аракет күч алууда. Мына ушул абалда мектепте окутулуучу адабият сабагынын чоң милдеттери келип чыгат. Аны үчүн бул предметтин таанып билүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк, эстетикалык ыракат тартуулоочулук дараметтерин бирдей айкалыштыруу керек.» - деп жазат окумуштуу А.Муратов адабиятты окутуунун азыркы учурдагы талаптары тууралуу. (А.Муратов. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. Бишкек.2013)

Азыркы учурда маалыматтардын көп түрдүүлүгү жана адеп-ахлактык тарбия берүүдөгү үй-бүлөдөгү, мектептеги боштуктар балдардын адамзаттык баалуулуктарга мамилесин өзгөртүп, идеалдар аркылуу таасир этүү, тарбиялоо терс мүнөзгө айланды. Азыркы балдардын идеалдары кичинекей кезинде мультфильмдерден, кинолордон көргөн кара күчтүн ээси , кыйраткыч күчкө ээ каармандар же кандай жол менен болсо да байыган, жеке жашоосу мыкты болгон белгилүү адамдар. Мына ушундай идеалдарды карманып калыптана баштаган жогорку класстын окуучусуна Абайдын образын талдоо аркылуу таасир этүү жөнөкөй маселе эмес.

Абайдын образын ар тараптуу ачып берүү үчүн ал жашаган доорду, андагы маанилүү коомдук өзгөрүүлөрдү, кылымдардан бери ата-бабалардан келаткан салт-санааны, казак-кыргыздын калыптанган дүйнө таанымын, баалуулук мамилелерди да түшүндүрүү зарыл.

Баалуулуктар системасы коомдук түзүлүшкө, инсандын ички керектөөсүнө ылайык орундары өзгөрүп туруучу иерархиялык пирамидадан турары окумуштуулар тарабынан эчактан айтылып келет. Бирок атам замандан бери биздин эл үчүн баалуулуктардын баштапкы өзөгү, адамгерчилик, гуманизм жана эл-жерди сүйүү болуп келгени белгилүү.

Абайдын Абай болуп эл оозунда жашап калышынын башкы себеби дагы анын бийик адамгерчилигинде, гуманизминде, мекенчилдигинде. Бирок гуманизм, эл жерди сүйүү идеялары бар болгону үчүн чыгарма баалуу деген ойду жалпы сөз менен айтып берүү же окуучуларга айттыруу менен максатка жетүүгө болбойт. Окуучулар Абайдын образын талдоо аркылуу келе турган жыйынтыктардан мурда руханий баалуулуктар жана адеп-ахлактык категориялар (адеп-ахлактык түшүнүктөр, адеп-ахлактык идеалдар, адеп-ахлактуулук мамилелер, адеп-ахлактык эрктүүлүк, адамдын ички керектөөсү) түшүнүгүнө ээ болушу зарыл.

Адабият мугалими жалпы адамзаттык жана улуттук руханий баалуулуктар системасы жана адептик категориялар тууралуу түшүнүктөрдү окуучуларга да муну жеткирүүдөн мурда өзү да бул түшүнүктөргө терен ээ болуусу керек. Көбүнчө адабият мугалимдери бул түшүнүктөр адам жана коом предметинин обьектиси деп түшүнгөндүктөн, адеп-ахлактык категориялардын, түшүнүктөрдүн өзүнө токтолбостон, чыгармадагы негизги идея, тема, проблема,сюжет, композиция тууралуу адабий талдоолорго гана маани беришет. Бирок бул чыгарманы окутуунун өзгөчөлүгү балдарда жогоруда айтылган түшүнүктөрдүн болушун талап кылат.

Абай ким? Абайдын башкалардан кандай өзгөчөлүгү бар? Абайдын көз караштарынын калыптанышына кандай шарттар таасир этти? Атасы Кунанбай ага кандай ишеним артып, эмнелерди күттү эле? Абайдын байлык, бийликке, сүйүүгө, билимге, маданиятка мамилеси кандай эле? Биз андан кандай өрнөк ала алабыз? Абайды казак эли эмне үчүн дащктап келет? ж.б.у.с. суроолорго биргеликте жооп издөө аркылуу Абайдын образын ар тараптуу ачып гана тим болбостон, түпкү максатка, т.а руханий баалуулуктарды калыптандырууга да аракет кылган болобуз.

Алгачкы адеп-ахлактык кабылдоолор бала кезден башталып, турмуштун агымында акырындык менен адеп-ахлактык түшүнүктөргө айланат. Абайдын балалык кезинде намыстуулук, уяттуулук, боорукерлик сапаттарынын калыптанышына апасы Уулжандын, чоң энеси Зиренин таасири зор болгонун белгилөө зарыл. Бала кездеги адеп-ахлактык сезимдер, тарбиялуулук руханий тазалыктын башаты болуп эсептелет. Руханий башаты таза адамда адеп-ахлактык түшүнүктөр бара-бара ички керектөөгө айланары, руханий жан дүйнөсүнүн калыптануусу дал ушул сезимдерден башталары дүйнөнүн белгилүү психологдору, педагогдору тарабынан эчак белгиленген.

Боорукерлик, улууну урматтоо, элдин салтын сыйлоо, ар намыстуу жашоо, адилет болуу түшүнүктөрү Абайдын жан дүйнөсүнө терең уялап, аны руханий жактан күчтөнтүп тургандыктан, ал атасы Кунанбайдын өз элине кылган зордукчул мамилесине тике каршы чыга алган.

Турмуш жолунда ар кандай кыйынчылыктардан өтүүдө инсанга адеп-ахлактык идеалдар өзгөчө шык, дем берет. Абай Пушкиндин чыгармаларынан кандай таасир алгандыгы, «Татьянанын катын» ыр кылып казакча ырдап чыкканы, тез эле бул ыр бүт элге дайын болгону романда жакшы берилген. Орус тилин билгендиги Абайдын классикалык чыгармалар менен таанышууга, алардан улуу ойлорду, жаңы көз караштарды алгандыгы турмуш чындыгы. Бирок, Абайдын жан дүйнөсүнүн азыгы казак элинин элдик оозеки чыгармалары, казак элинин ой мүдөөсү экендигин да баса белгилөө зарыл.

«Абай медреседе окуган жылдарында араб, иран, түрк акындарынын ырларын кызыгуу менен окуган. Диний фанаттардын курчоосундагы тумчуктурган атмосферадан ал өзүнүн сезимтал акылы, аракети менен чыгыш классиктеринин чыгармаларын үйрөнүүгө, улуттук жана дүйнөлүк классикага умтулган» деп жазган Мухтар Ауэзов. (Улуу акын-агартуучу - Абай Кунанбаев. 19-кылымдын экинчи жарымындагы Казакстандын маданияты.www/google.kz)

Абай казак, кыргызга өз кезегинде кара кылды как жарган калыстыгы менен, таамай сөзү менен терең акылы менен таанылган адам болгон. Өзү жашаган чалкеш замандын жүгүн, элдин тагдырын өз мойнуна алган, руху күчтүү инсан болгон. Муну окуучуларга жеткирүү үчүн, Абайды чыгарманын башкы каарманы катары гана, идеалдаштырылган каарман катары таанып калбасы үчүн, мугалимге романдын алкагынан чыгып, Абайдын айрым даанышмандык менен айткан саптарын тааныштырып, талдатып көрүү ашыкбаштык кылбас. Мисалы, Абайдын айткандары төмөнкү афоризмге айланып, азыркы күндө да абдан актуалдуулукка ээ.

Акыл, илим, эрк, абийир гана адамды бийик кылат.Башкача бийик болом деп акылсыз гана ойлонот.

Эмгек –ырыскы, жалкоолук- жардылык

Адам санындагы эң начар адам - аракетсиз адам.

Эрк, сен күчтүүсүң,бирок сени дагы жүрөк башкарса экен…

Бекерге кеткен жаштык - кайгы.

Жалкоолор дайыма эки жүздүү, жан бакты болушат.

Бул сыяктуу Абайдын айткан насаат сөздөрүн талдоодо Нурмолдонун Жеңижоктун, Токтогулдун, Барпынын ж.б кыргыз акындарынын санат-насыяттарын эске салуу, салыштыруу пайдалуу. Интернет булактарынан, басма сөздөн алынган документалдуу маалыматтардын туура колдонулушу да өзгөчө таасир этери бышык. Ошентсе да, көркөм текстке таянуу менен аргументтүү талдоо гана окуучулардын оюна ой кошуп, ишенимдүүлүктү жаратып, таасирдүү болоорун унутпашыбыз керек.

Абайдын билим алууга умтулуусу, чыгармачылыктагы изденүүсү, эл тагдырын ойлоп тынчсызданinitial уусу, ак сүйүүсүн издеп күрөшүүсү, анын кара кылды как жарган калыстыгы – мунун баары анын руханий изденүүсү. Ошол тынымсыз изденүүдө жүрүп ал Кунанбай сунуштаган бийликтен баш тартты. Эгерде Абайдын адеп-ахлактык эрктүүлүгү болбогондо ал өзү келген бийликти алууга барышы мүмкүн беле деген суроо туулат. Элге кам көрүүнү ал бийликке келүү деп түшүнгөн жок. Бийликтегилердин адилетсиздигине каршы чыкпай коюу да Абайдын адамдык наркына, абийирине туура келген эмес. Дал ошондуктан бир тууганы болсо да, Такежандын кылганын туура эмес деп таап, Балагаздын жанындагыларды коргоп калуу үчүн колунан келген аракетин кылды.

Демек, Абайдын бийликтен баш тартышы, иш-аракети анын ички адеп-ахлактык керектөөсүнүн келип чыкты. Адеп-ахлактык ички керектөө адамды башкарып турган негизги адептик категория. Адам кайрымдуу иши үчүн же башкаларга пайда келтирип ыраазычылыкка ээ болгону үчүн ички канагаттануу алып, ырахаттануу сезген учурлар болот. Мисалы, Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестиндеги Жайнактын тонун башка балага берип өзү суукта үшүсө да, жадырап бактылуу болуп келгени баарыбыздын эсибизде эмеспи. Мындай мисалдар турмушта абдан көп кездешет. Тескерисинче, адамдын өзүнүн кылган адепсиз иши үчүн, же кайдыгерлиги, аракетсиздиги үчүн жаны кейип, абийири чыдатпай кыйналган учурлары болот. Абайды абийирдүүлүктүн үлгүсү катары талдоодо адеп-ахлактык ички керектөө түшүнүгү окуучуларга жакшы түшүндүрүлүшү зарыл.

Романдагы образадар системасын талдоо, салыштыруу жүргүзүү аркылуу окуучуларга руханий баалуулуктар түшүнүктөрүн кеңири берүүгө болот. Чыгармада Абайдан башка да адамдык асыл сапаттарды алып жүргөн, адеп-ахлактык баалуулуктардын негизинде талдоого ылайыктуу каармандар бар. Бирок Абайдын жан дүйнөсүн, адамдык жүзүн ачып берүү үчүн анын карама-каршысындагы Такежандын жана Кунанбайдын жашоо түшүнүгүн салыштырып талдоо таасирдүү жана ынанымдуу болот.

Каармандын чечкиндүүлүгүнө, акылмандыгына, кайратына, эрктүүлүгүнө, сабырдуулугуна жана башка асыл сапаттарына суктануу, сыймыктануу балдарда шыктанууларды жаратат, жаңы түшүнүктөрдү пайда кылат, баалуулуктарга мамилесин өзгөртөт. Идеалдар аркылуу тарбиялоонун маани-маңызы ушунда. Бул тууралуу В.А.Сухомлинский мындай деп белгилеген: «Адам жөнүндө жакшы ойдо болуу менен, бала жакшы ишке умтулат, жакшы кылык-жорук ага моралдык канагаттануу, ыракат тартуулайт. Бул сезимдер өз кезегинде жакшылык менен жамандыкка ого бетер сергек жана сезимтал кылат» (В.А.Сухомлинский. Мугалимге жүз насаат. Фрунзе.1987.)

Ауэзовдун калеминен зор чеберчилик менен берилген Абайдын ички толгонуулары, санаркоосу, чыгармачылык эргүүсү, күйүтү жана сүйүүсү окуучуларды кайдыгер калтырбашы керек. Тилекке каршы, көпчүлүк учурда адабият мугалимдери романга бөлүнгөн сааттарды маанилүү маселелерге арнабастан, чыгарманын сюжетин майда–чүйдөсүнө чейин айтып берүүгө же тескерисинче үстүртөн жалпы сөздөр менен түшүндүрүүгө короткон учурлар аз эмес. Мындай учурда окуучулар пассивдүү угуучу катары отуруп, айрым гана маалыматтарды эстеп калышат да, идеалдар аркылуу тарбиялоого мотивациялык, эмоционалдык-психологиялык кырдаал түзүлбөйт.

Мугалимдин милдети сабактын тарбиялык максатын туура аныктоо менен таасир этүүчү форма, методдорду тандоо, мазмундук материалды даярдоодо турат.

Талдоо сабактарынан кийин мугалимдер көбүнчө Абайдын образы боюнча дилбаян же эссе жазууну үй тапшырмага беришет. Бирок дилбаян китептен көчүрүп жазылган же эптеп жазылган иш болуп калбашы үчүн даярдык жүргүзүлгөнү оң. «Дилбаян аркылуу адам өзүн өзү чагылтат б.а. ишмердүүлүктүн бул формасы – адамдын өзүн-өзү көрүп туруучу күзгүсү.» деп окумуштуу А.Муратов белгилегендей, дилбаян жазуу процессинде окуучу ойлонуп, машакаттанып, жөн эле жалпы ойлорду коойздоп жаза бербестен, жан дүйнөсүнө бүлүк салган ойлорду бөлүшүп, жеке пикирине далилдерди келтирип, алган турмуштук сабактарын, жеке жыйынтыктарын бере билиши зарыл. Дилбаянга даярдоо үчүн окуучуларга төмөндөгүдөй су-

роолорго жазуу түрүндө жооп таптыруу жакшы натыйжаларды берет. Мисалы:

Абайдын мүнөзүн, адамдык сапаттарын кандай деп элестеттин? Эмне үчүн?

Абайдын ата-энесинин, жакындарынын, бир туугандарынын мамилеси, жашоо түшүнүктөрү ага кандай таасир берген?

Турмуштук ар кандай сыноолордон Абай кандай өткөнүнө 2-3 мисал бер.

Абайдын калыстыгы, алысты көрө билген акылдуулугу чыгармада кайсы эпизоддордо бар? Адилеттүү бүтүмдөрдү чыгарууда эмнелерге таянчу эле?

Абайдын билим алууга ынтызарлыгы эмнеден келип чыкты деп ойлойсун?

Бийликке, байлыкка, маданиятка, сөз өнөрүнө Абайдын мамилеси кандай эле? Кайсы окуулар, эпизоддор аркылуу оюңду аргументтештире аласың?

Абай эл тагдыры жөнүндө ойлонгондо эмнелерге түйшөлчү?

Абайдын кайсы сапаттарынан өзүңө сабак алат элең?

Жооп издөө процесси окуучуну аргументтерди таап чыгууга, окуялардын тизмегин кайра эстеп, өз алдынча ой жүгүртүүгө, айрым түшүнүктөргө жекече баа берүүгө түртөт. Бул дилбаян жазууга чоң көмөкчү болот. Ал эми дилбаян аркылуу окумуштуу С.Рысбаев белгилегендей «…окуучунун адабий билимдерин гана эмес, руханий жетилүүсүнүн деңгээлине да баа берүүгө болот.» (С.Рысбаев. Окуучунун дилбаяны. Бишкек.1998.6-бет).

Жыйынтыктап айтканда, жогорку класста «Абай» романын майнаптуу окутуу маселеси мугалимден терең даярдыкты, чыгармачылык изденүүнү талап кылат жана окуучуларда руханий баалуулуктарды калыптандырууда маанилүү роль ойнойт.

**Адабияттар:**


1. А.Муратов. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы.Бишкек.2013
2. А.Муратов, Дилбаян сырлары. Бишкек 2004.
3. С.Байгазиев, “Кутбилим”,15.03.2013
4. С.Рысбаев, Окуучунун дилбаяны. Бишкек 1998
5. В.А. Сухомлинский. Мугалимге жүз насаат. Фрунзе 1987.